**УДК 378.02.372**

# ЭТНОМАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАР – ЭЛДИК ТАРБИЯЛООНУН БУЛАГЫ КАТАРЫ

Даминова Инабат, п.и.к., доцент
Ош МПУ

# ЭТНОКУЛЬТУРНЫЕ НАСЛЕДИЯ – КАК ИСТОЧНИК НАРОДНОГО ВОСПИТАНИЯ

Даминова Инабат, к.п.н., доцент
Ош ГПУ

# ETHNOCULTURAL HERITAGES – AS A SOURCE OF NATIONAL EDUCATION

Daminova Inabat, Candidate of Pedagogical Sciences
Osh SPU

**Аннотация:**

Бул макалада кыргыз элинин этномаданий булактары жөнүндө сөз болот. Алар аркылуу балага эстетикалык, таанып-билүүчүлүк, коммуникациялык, тарбиялык таасир көрсөтүүгө боло тургандыгы көрсөтүлөт. Маданияттын маанилүү өзгөчөлүгү анда салттуу, эл тарабынан тарыхый иштелип чыккан жана иргелип алынган идеялардын – баалуулуктардын бар экендигинде турат. Баалуулуктар келечекти көздөйт, адамды өз турмуш-тиричилигинин шарттарын басып өтүүгө, жашоонун жаңы формаларын жаратууга түртүүчү болочок жашоо ишмердүүлүгүнүн үлгүлөрүн программалайт Адептик карама-каршы түшүнүктөрдүн маани-маңызын туура жеткирүү бул маданий баалуулуктун бири экендиги белгиленет. Акындардын көркөм сөз өнөрү да бала үчүн баалуу булак катары эсептелет.

**Ачкыч сөздөр:** этномаданият, тарбия, этнос, фольклор, этномаданий мурастар.

**Аннотация:**

Данная статья посвящена этнокультурным истокам кыргызского народа. В статье расскрыты влияние этнопедагогики на формирование личности ребенка. Через этнокультурные наследия в статье анализированы эстетическое, познавательное, коммуникативное, воспитательное воздействие на ребенка. Важной особенностью культуры является существование традиционных, исторически сложившихся идей – ценностей. Ценности программируют модели будущей жизнедеятельности, которые подталкивают человека к преодолению трудности жизни, к созданию новых идей жизни.

**Ключевые слова:** этнокультура, воспитания, этнос, фольклор, этнокультурные наследия.

**Abstract:**

This article is devoted to the ethnocultural origins of the Kyrgyz people. The article reveals the influence of ethnopedagogy on the formation of a child's personality. Through ethnocultural heritage, the article analyzes the aesthetic, cognitive, communicative, educational impact on the child. An important feature of culture is the existence of traditional, historically established ideas - values. Values program models of future life activity that push a person to overcome the difficulties of life and to create new ideas of life.

**Key words:** ethnoculture, education, ethnic group, folklore, ethnocultural heritage.

«Тарбия элден жаралат, анткени, аны эл пайда кылат жана эл менен кошо жашап келе жатат»

(К. Ушинский)

Ар түрдүү этникалык цивилизациялардын баалуулуктарын чагылдырган маданий мурас коомдун социалдык-экономикалык жана руханий өнүгүүсүнүн курамдык бөлүгү жана милдеттүү шарты катары бааланат. Ар бир этномаданияттын системасы анын мүчөлөрүнүн башка маданияттарды урматтоо сезимин гана эмес, биринчи кезекте өзүнүн маданий баалуулуктарына артыкчылык берүү сезимин калыптандыруу механизмине негизделген. Кыргыз эли эзелтен эле этномаданий мурастары аркылуу тарыхый баалуулуктарды муундан-муунга мурастап келгени белгилүү. Алардын табигый күчү менен өздөрүнө мүнөздүү ийгилик диалектикасы, ишенимдерди жана маданияттарды үндөөгө алып келет. Маданияттын маанилүү өзгөчөлүгү анда салттуу, эл тарабынан тарыхый иштелип чыккан жана иргелип алынган идеялардын, баалуулуктардын бар экендигинде турат. Баалуулуктар келечекти көздөйт, адамды өз турмуш-тиричилигинин шарттарын басып өтүүгө, жашоонун жаңы формаларын жаратууга түртүүчү болочок жашоо ишмердүүлүгүнүн үлгүлөрүн программалайт (Т.К.Ахаян, А.В.Кирьякова, Г.П.Выжлецов, А.Г.Здравомыслов, М.Г.Казакина, В.П.Тугаринов). Этномаданият – бул механизм, анын жардамы аркылуу адам өз керектөөлөрүн канааттандырат.Этномаданият – көп кырдуу жана көп функциялуу кубулуш. "Ал эстетикалык, таанып-билүүчүлүк, коммуникациялык жана, айрыкча, тарбиялоочу функцияларга ээ. Анын эл массасынын ичиндеги популярдуулугунун себеби жөнөкөйлүгүндө, чынчылдыгында, элдин жашоосу, турмуш-тиричилиги, тарыхы, каада-салттары, жан-дүйнөсү жана мүнөзү менен байланышында. Элдик чыгармачылыктын үлгүлөрү – тигил же бул элдин турмуш чындыгына негиздеп жараткан маданий улуу эстелиги" [1,2, 5].

Баамыбызда этномаданият элдин ички үнүн, добушун берип турат. Ошондуктан этномаданий булактар – элдик эстетикалык маданияттын өзүнчө бир баштапкы мектеби, анда көптөгөн кылымдар бою эл өз топтогон тарбиялык тажрыйбасынын казынасы. Ал элдин

тарыхый өнүгүүнүн түрдүү этаптарында түзүлүп келе жаткан көп кылымдык тарыхый тажрыйбасын жалпылап, анын дүйнө кабылдоосун ырга салат. Жүрөктөн чыккан чыгармачылык элдик мүнөздүн мыкты улуттук сапаттарын туюндуруп турат, ал өз үнүн өзгөчө эстетикалык нормаларына ээ жана элдин өз үнү өз аңдап-сезүүсүн өнүктүрүү менен тарбиялык функцияны аткарат. Көрүнүктүү педагог К.Д. Ушинский: «Ар кандай эл өз адабиятында ырдан, макалдан, жомоктон баштап драма жана романга чейин анын түшүнүгү боюнча адам деген кандай болуу керектиги жөнүндөгү ынанымын туюндурат. Ал бул идеалдуу адамды өз жан-дүйнөсүнүн бардык жакшы сапаттары менен шөкөттөп коолдойт, анан бул кандай гана идеал болбосун, ал өз элинин өзүн аңдап-сезүү даражасын, анын кемчиликтерге жана бийик адептик сапаттарга болгон көз карашын, - элдин ар-намысын туюндурат… Бул идеал өзүндө элдин өзүнүн мүнөзүн чагылдырып турат жана аны менен кошо өнүгөт. Анда коомдун мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр жакшы жактары менен чагылат» - деп таамай белгилейт [4, 122–123].

Кыргыз элинин этномаданий мурастары эпостордон баштап (монументалдык үчилтик эпос: “Манас”, “Семетей” жана “Сейтек” ж.б.) жана элдик ырларды (санат-насыят, үлгү ж.б.), анализдөөнүн негизинде, аларды учурдагы эстетикалык маданиятты калыптандыруунун зарыл жана жетиштүү каражаты катары эсептөө менен тарбиялоо процессинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн белгилей алабыз.

Бул маданий баалуулуктарда элдин балдардын келечегине кам көрүүсү, адептик-этикалык түшүнүктөрү, эстетикалык баалуулуктары, принциптери жана дүйнө таанымы чагылдырылган. Элдин тарыхы, анын табияты, эмгек, адамдык мамилелер, искусство жөнүндөгү түшүнүктөрү менен тааныштыруу үчүн элдик уламыштар, жомоктор, мифтер, ырлар жаш жеткинчектердин курактык өзгөчөлүгүнө жараша тандалып алынган. Бул элдик маданий мурас көпчүлүккө жугумдуу, жетик тилге ээ болуу менен жагымдуу маанайды жарата алгандыктан, калк арасына кеңири тараган жана колдонулган. Этномаданияттын дал ушул артыкчылыгы аркылуу тарбиячылар балдардын музыкалык маданиятын түптөп, акылын жетилдирген.[1,55]

Кыргыз этномаданиятын изилдөө элдик педагогикадагы эстетикалык маданияттын түпкү табиятын түзгөн жакшылык жана жамандык категорияларында туюнтулуп, обьективдүү адамдын реалдуу образын конкреттүү салыштыруулар аркылуу сүрөттөлө тургандыгын көрсөттү. Маданияттуу сапаттарга – “жакшы адам”, “акылдуу жигит”, “жакшы уул”, “элдин уулу”, “баатырдык”, “азаматтык”, “эрдик”, “марттык”, “ишмердик”, “жакшы аял”, “жакшы кыз” кирсе; жаман сапаттарга – “жаман адам”, “начар жигит”, “жаман аял”, “акылсыздык”, “коркоктук”, “жалакайлык”, “сараңдык”, “жан бактылык”, “душмандык” сыяктуу түшүнүктөр ылайыкташат.

Ал эми “санат-насыят айтуу”, “адептүүлүк көрсөтүү”, “кечиримдүү болуу”, “жакшылык кылуу”, “нуска болуу”, “өрнөк болуу”, “үлгү көрсөтүү”, “акыл үйрөтүү”, “осуятын калтыруу”, “ынсап кылуу”, “үгүт жүргүзүү” сыяктуу сөз айкаштары эстетикалык маданиятты калыптандыруунун кыргыз элдик педагогикасындагы эквивалентин түзгөн жана турмуштук зарылдыкка колдонулган.Санат-насыят термелердин негизинде моралдын табиятын түзгөн жакшылык менен жамандык категориялар жанаша жашап, обьективдүү адамдын реалдуу образдуу конкреттүү салыштыруулар аркылуу трактовкаланган.

Жакшы кызга жаман кыз,
Багы менен теңелет,
Жакшы эрге,жаман эр,
Малы менен теңелет.
Жакшы атка ,жаман ат,
Жалы менен теңелет.

«Уул баланы тарбияласаң – эркекти тарбиялаганың, кызды тарбияласаң – улутту тарбиялаганың» – деп берилет элдик макалда. Демек, бул элдик тарбияда акыл калчап, кимди тарбиялап жатканыбыздын максатын так көрсөтө билүүнүн өзгөчөлүгү бар.

Этномаданиятты өнүктүрүп, байытуучулар – элдик педагогдор: ырчылар, чечендер, манасчы, жомокчулар, насаатчылар, акылмандар, улгайган кемпир, абышкалар болушкан. Элдин акылчысы, насаатчысы, нускоочусу, кеңешчиси болгон элдик педагогдор учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды, акылман ойлорду, санат-насыят, терме, үлгү ырлардын эстетикалык деңгээлинде кайрадан иштетип, өркүндөтүп, жаштарга таалим-тарбия берүүнүн негизги педагогикалык каражаты катары – эстетикалык маданиятты, көркөм өнөрдү айкалыштырып колдонушкан жана элдин сүймөнчүлүгүнө жеткизишкен деп бүтүм чыгара алабыз.

Башкасын коюп Манасты айт демекчи, «Манас» эпосу өзүнүн поэтикалык татыктуулугу боюнча улуттук гана эмес, жогорку көркөмдүк формадагы терең эстетикалык мазмунга бай чыгарма болуп эсептелет. Ошондуктан анын бардык жетишкендиктеринин ичинен биринчи орунга адамдардын эстетикалык муктаждыктарына кызмат кылуучу көркөм тааасирдүүлүк күчү чыгат. “Ал окурмандарга, айрыкча, угармандарга чыныгы эстетикалык ырахат тартуулап, рухий жактан байытып, көп кылымдар бою жалпы адамзаттык адеп менен маданияттын жогорку мектеби катары кызмат кылууда” [3, 78].

«Манас» эпосунда ак ниеттүүлүк менен карасанатайлык, согуш менен тынчтык, эмгек менен кыйроолор, адилеттүүлүк менен адилетсиздик, сүйүү менен чыккынчылык, байлык менен кедейлик, чынчылдык менен куулук бөлүнүп, бул негизинен карама-каршы коюу аркылуу көрсөтүлөт.  Теңдештик менен биримдик ошол мезгилдеги коомдук аң-сезим

тарабынан кабылдана элек болчу. Мындай сапаттардын өлчөм - өз державасынын биримдигин коргоого багыттоо. Ушуга жетүүгө өбөлгө түзгөн нерсенин баарысы – ак ниеттүүлүк, ал эми жолтоо болгон нерсенин баарысы – карасанатайлык дүйнөсүн түзгөн. Бул эки дүйнө бири бирине өтө албайт, алар өзгөргүс. Баатырлар өздөрү да картайбайт, күч-кубаттан кетпейт, өздөрүнүн адептик-эстетикалык сапаттары менен, баатырдыгы менен кооз жана даңктуу [3, 112].

Эгерде жомоктордо, макал-лакаптарда, эпостордо эл тарыхый жактан калыптанып, кылымдар кыйырында сыноодон өткөн коомдук жана адептик нормаларды каттаса, ал эми ыр бул нормаларды поэтикалаштырып даңазалайт.

Жалпылап айтканда, эл акындарынын чыгармаларын азыркы биология, физика, астрономия, география, геология, экология, этика илимдеринин мерчемдери менен тереңирээк изилдөө илим үчүн жаңылык жаратпаса да, элдик эмпирикалык билимдердин табиятын таанып-билүүдө баа жеткис булак катары кызмат кылары акыйкат. Бул — биринчиден. Экинчиден, акындардын элдин акыл көрөңгөсүн өстүрүүдөгү агартуучулук ишмердүүлүгү, усул ыкмалары да атайын сөз кылууга арзыйт. Анткени акындардын акылман ойлору менен осуяттарынын эл ичиндеги популярдуулугу да белгилүү деңгээлде аларды элге жеткирүүдө колдонгон түрдүү амал, усул ыкмалары менен тыгыз байланышкан.

Акындар таанымдык-тарбиялык мааниси эбегейсиз терең чыгармаларынын көбүн балдарга багыштап, алардын жан дүйнөсүнө жугумдуу көркөм, жатык тилде жаратышкан. Ошондуктан алардын чыгармаларында шамал да, жер да, от да, суу да балдар менен бир тилде сүйлөшүп, түздөн түз баарлашат. Белгилүү этнопедагог А.Алимбеков акындардын чыгармачылыгы боюнча төмөнкүдөй илимий тыянак чыгарган:

1. Акындар эчен бир татаал акыл билимдерди болобу, этикалык эрежелерди болобу «санат», «насыят», «нуска», «үлгү» формасында туюнтушкан. Ал эми бул терминдердин баарынын түп маңызы элдин түшүнүгүндө такталган, сыналган, таамай, так, акылман ойлор дегенди билдирери маалым.

3. Жалпы журттун акылын ар түрдүү маалыматтар менен байытып, аларды өз алдынча ой жүгүртүүгө үйрөтүүдө акындардын табышмактуу санат айтыш салты да өзгөчө мааниге ээ болгон. Адатта мындай айтыштар аш-тойлорду көркүнө чыгарган өзгөчө салт-жөрөлгө болгон [1, 78].

Демек, ыр менен тарбиялоо – бул сезимдерди тарбиялоого, адамзаттык бир туугандыкка, биздин дүйнөнүн таң калаарлык чексиздигин туюуга, сулуулук тыбыштарга, образдарга, түстөргө эркин өтүп кете ала тургандыгын түшүнүүгө үйрөтөт. Ошондуктан, сулуулукту пайдасыз кабыл ала албай турган жөнөкөй эмгекчи ырды билген жана сүйгөн – ыр анын жашоосунун бөлүгү болгон.

Демек, этномаданият аркылуу балдарды окутуп-тарбиялоо системасы каада-салттардын кылымдарды карыткан табигый фундаментинде гана ийгиликтүү өнүгүшү мүмкүн. Элдин жамааттык педагогикалык тажрыйбасын четке каккан педагогикалык илим менен билим берүү практикасы массалык педагогикалык маданияттын маанилүү элементи боло албайт.

Ошону менен эле бирге жаш муундарга этномаданий тажрыйбаны өткөрүп берүүнүн салттуу механизмдери алсызданган шарттарда билим берүү системасы этникалык маданиятты кайра жаратуунун, этностун баалуулук багыттоолорду тандоосунун, этномаданий тажрыйбаны үйрөткөн, этномаданий керектөөлөрдү канааттандыруунун, этникалык маданиятты өткөрүп берүүнүн, кайра жаратуунун жана өнүктүрүүнүн маанилүү фактору болуп калат.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст]: Окуу куралы / А.Алимбеков. – Бишкек, 2000. – 83 б.
2. Балдар фольклору [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б., Шам, 1998, – 480 б.
3. Мамытбеков З., Абдылдаев, Э. “Манас” эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст] / З.Мамытбеков, Э.Абдылдаев. –Ф., 1966, -215 б.
4. Т.Танаев «Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар» - Ош., -1998, -163 б.
5. Ушинский, К.Д. О народности в общественном воспитании: Собрание сочинений [Текст] / К.Д.Ушинский. – М.-Л.,1948. – Т. 2. – 166 с.